**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУНУН**

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин “Бүтүн Кыргызстан” парламенттик фракциясынын кайрылуусу боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин “Элдик Курултайды чакыруу жөнүндө” 2022-жылдын 15-августундагы №284 жана “Кыргыз Республикасынын Президентинин Элдик Курултайды өткөрүү маселелери боюнча айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” 2022-жылдын 28-сентябрындагы №328 жарлыктарынын конституциялуулугун текшерүү тууралуу иш боюнча өндүрүштү токтотуу жөнүндө

# АНЫКТАМАСЫ

2023-жылдын 4-октябры Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту: төрагалык кылуучу Э.Ж. Осконбаев, судьялар Ч.А. Айдарбекова, М.Р. Бобукеева, К.А. Дуйшеев, Л.Ч. Жолдошева, К.Дж. Кыдырбаев, Ж.А. Шаршеналиевдин курамында, катчы А.Т. Таалайбековдун катышуусунда, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 44-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-пунктун, 2-бөлүгүн жетекчиликке алып,

## Т А П Т Ы:

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотуна 2023-жылдын 25-январында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин “Бүтүн Кыргызстан” парламенттик фракциясынын (мындан ары – парламенттик

фракция) Кыргыз Республикасынын Президентинин "Элдик Курултайды чакыруу жөнүндө" 2022-жылдын 15-августундагы №284 жана "Кыргыз Республикасынын Президентинин Элдик Курултайды өткөрүү маселелери боюнча айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу" 2022-жылдын 28-сентябрындагы №328 жарлыктарынын (мындан ары – талашылып жаткан жарлыктар) Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 4-беренесине, 7-беренесинин 2-бөлүгүнө карама-каршы келет деп таануу жөнүндө сунуштамасы келип түшкөн.

Сунуштамадан келип чыккандай, кайрылуу субъектиси коомдук-өкүлчүлүктүү органдын ишин конституциялык Мыйзам менен жөнгө салынышын караштырган Конституциянын 7-беренесинин 2-бөлүгүнүн жоболоруна карабастан Элдик Курултайдын ишинин тартибин жана аны уюштурууну Президенттин жарлыгы менен аныктоо Конституцияга карама-каршы келет деп эсептейт. Кайрылуу субъектисинин пикири боюнча, талашылып жаткан жарлыктар Конституция менен бекитилген бийликти бөлүштүрүү системасына кийлигишүү болуп саналат жана Кыргызстандын элине мамлекеттин жана коомдун ишин башкарууга чыныгы жеткиликтүүлүктү кепилдеген конституциялык орнотмолордун ишке ашырылуусуна күмөн жаратат.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунун судьялар коллегиясынын 2023-жылдын 14-февралындагы аныктамасы менен парламенттик фракциянын сунуштамасы өндүрүшкө кабыл алынган.

Ишти Конституциялык соттун отурумунда кароого даярдоонун жүрүшүндө, 2023-жылдын 29-июнунда Президенттин жана Министрлер Кабинетинин Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотундагы туруктуу өкүлү А.Т. Молдобаевден аталган иш боюнча өндүрүштү токтото туруу жөнүндө өтүнүч келип түшкөн.

Өтүнүчтө 2023-жылдын 29-июнунда "Элдик Курултай жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан үчүнчү окууда кабыл алынып,

ал он төрт жумушчу күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын Президентине кол коюуга жөнөтүлүшү керек деп билдирилген. Талашылып жаткан жарлыктар Элдик Курултайдын иши мыйзам тарабынан жөнгө салынганга чейин кабыл алынгандыктан жана “Элдик Курултай жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын кабыл алынышы Конституциялык соттун кароо предметин түздөн-түз козгогондуктан, А.Т. Молдобаев жогоруда көрсөтүлгөн иш боюнча өндүрүштү токтото турууну өтүнгөн.

Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту 2023-жылдын 3-июлундагы №10 аныктамасы менен бул иш боюнча өндүрүштү токтото турду.

“Элдик Курултай жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамы 2023-жылдын 13-августунда күчүнө кирди. Кыргыз Республикасынын Президентинин “Кыргыз Республикасынын Президентинин айрым чечимдерин күчүн жоготту деп таануу жөнүндө” 2023-жылдын 15-августундагы №194 жарлыгы менен талашылып жаткан жарлыктар күчүн жоготту деп табылган.

Ал эми “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 44-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-пунктуна ылайык, конституциялуулугу талаш туудуруп жаткан акт ишти даярдоо же кароо процессинде жокко чыгарылса же күчүн жоготсо Конституциялык сот иш боюнча өндүрүштү кыскартууга милдеттендирилет, эгерде ушул актынын колдонулушунда жеке жана юридикалык жактардын конституциялык укуктары жана эркиндиктери бузулган учурлар болбосо.

Бул иш боюнча талашылып жаткан жарлыктар менен жеке жана юридикалык жактардын бузулган конституциялык укуктарын жана эркиндиктерин калыбына келтирүү жөнүндө маселе кирбегендигин эске алуу менен, ошондой эле мындай маселе кайрылуучу тарабынан коюлбагандыктан жана талашылып жаткан жарлыктардын колдонулушу менен мындай бузуулардын далилдери жана жүйөлөрү келтирилбегендиктен, Конституциялык сот бул иштин өндүрүшүн мындан ары жүргүзүү жана жыйынтыктоочу чечимди кабыл алуу үчүн негиз тапкан жок.

Ушул эле негизди көрсөтүү менен 2023-жылдын 5-сентябрында Президенттин жана Министрлер Кабинетинин Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотундагы туруктуу өкүлү А.Т. Молдобаев бул иш боюнча өндүрүштү кыскартуу жөнүндө өтүнүчү менен Конституциялык сотко кайрылган.

Жогоруда баяндалгандын негизинде, “Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту жөнүндө” конституциялык Мыйзамдын 44-беренесинин 1-бөлүгүнүн 3-пунктун жана 2-бөлүгүн, 48, 49, 52-беренелерин жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Конституциялык соту

**А Н Ы К Т А Д Ы:**

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин “Элдик Курултайды чакыруу жөнүндө” 2022-жылдын 15-августундагы №284 жана “Кыргыз Республикасынын Президентинин Элдик Курултайды өткөрүү маселелери боюнча айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” 2022-жылдын 28-сентябрындагы №328 жарлыктарынын конституциялуулугун текшерүү жөнүндө иш боюнча өндүрүш кыскартылсын.

2. Ушул аныктама кол коюлган учурдан тартып күчүнө кирет жана даттанууга жатпайт.

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**КОНСТИТУЦИЯЛЫК СОТУ**